**Бүтүрүүчүлөрдүн жалпы маданий компетенцияларын өнүктүрүүнү камсыз кылуучу окуу түзүмдүк бөлүмдөрүнүн чөйрөсүнүн мүнөздөмөсү.**

Колледжде студенттердин коомдук-тарбиялык иштердин өнүккөн системасы бар. Окуу-тарбия иштерин жүргүзүү үчүн колледжде маданий, спорттук жана башка иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү үчүн имараттар жана жабдуулар мене камсыз болгон.

Колледждин студенттик кеңеши бардык маданий-агартуу жана башка иш-чараларга активдүү катышат.

Инсандын ар тараптуу өнүгүүсү жана социалдашуусу үчүн зарыл шарттар, ден-соолугун сактоочу социалдык-маданий чөйрө түзүлгөн. Педагогикалык жамааттын жана тайпа кураторлордун иши окуу процессинин тарбиялык компонентин калыптандырууга, анын ичинде студенттердин өз алдынча башкаруусун өнүктүрүүгө, студенттердин спорттук жана чыгармачылык иш-чараларга катышуусуна көмөктөшөт.

Жыл сайын студенттерди мекенчилдикке тарбиялоо максатында 23-сентябрь мамлекеттик тил күнү, 7-ноябрь Ата-бабаларды эскерүү күнү ошондой Сталиндик репрессияга кабылган Кыргыздын чыгаан уулдары болгон: Жусуп Абдрахманов, Касым Тыныстанов, Ишенаалы Арабаев, Төрөкул Айтматов жана башка белгилүү инсандарга арналган тегерек стол талкуулар өткөрүлүп турат. Студенттерди гуманизмге тарбиялоо максатында “1-июнь Бүткүл дүйнөлүк балдарды коргоо күнү”, “Мүмкүнчүлүгү чектелген жаранадарыбыздын күнүнө” карата колледжде кайрымдуулук акциясы өткөрүлүп келет. “1-октябрь эл аралык карыялар күнүнө карата колледждин актвист студенттери райондо жалгыз бой жашаган карыяларыбыздан кабар алышып, үй-тиричилик иштерине көмөк көрсөтүп турушат. Студенттердин дене-тарбиясын чыңдоо максатында тайпалар арасында спорттун бир нече түрү боюнча мелдештер өткөрүлөт. Мисалга алсак 17-ноябрь студенттердин эл аралык күнүнө карата кыздар арасында спорттун волейбол, балдар арасында спорттун футбол боюнча мелдештер. Улуттук руханий жактан тарбиялоо жана белгилүү инсандар менен жолугушуу иш-чарасы жылына бир жолу өткөрүү каралган. Өзгөн шаарындагы маданий-массалык, спорттук иш-чараларга, ишембиликтерге колледждин студенттери активдүү катышышат. Салтка айланган ОшМУнун ректорунун студенттер үчүн өткөрүлгөн жаңы-жылдык ректордук балга коллежибизден окуунун мыктылары, коомдук маданий иштерге активдүү катышкан студенттер тандалып барып, көңүлдүү эс алып келишет. Студенттерди мекенчилидикке жана улуттук тарбияга үндөө максатында 23-февраль Ата-мекенди коргоочулар күнүнө карата тайпалар арасында аскер оюндарынын мелдеши, 3-март мамлекеттик туу күнү жана 5- март Ак калпак күнүнө аргалган жөө жүрүшү, “21-март Нооруз майрамы”, 5-май конституция күнүнө карата колледждин студенттери үчүн укук коргоо органдары менен тегерек стол, “9-май Жеңиш күнүнө” карата Өзгөн шаарында өткөрүлгөн “Өчпөс полк” жүрүшү, 7-апрель “Дени сак улут- Өнүгүп жаткан өлкө” аттуу улукттук ден соолук программасын ишке ашыруу максатында спорттук бир нече түрү боюнча мелдештер, бош убактысын туура пайдалануу үчүн Өзгөн шаарындагы Айчүрөк кинө театрында коюлган “Кыргыз керемети” аталган кинолорго саякат жана башка ушул сыяктуу студенттердин кызыктуу жашоосу өткөрүлүп келет.

Аз камсыз болгон үй бүлөдөгү студенттер ОшМУ тараптан окуу төлөмдөрүнөн жеңилдиктер берилет. Колледжди эң мыкты окуган жана окуу жайдын коомдук турмушуна активдүү катышкан студенттерге конкурс өткөрүлүп, эң мыктысы ОшМУнун окумуштуулар кеңешинин стипедиясына ээ болот.